Минбаев Советбек Аблазовичтин 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери (тарыхый-укуктук аспектилери)» деген аталыштагы юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына экинчи расмий оппонент, юридика илимдеринин кандидаты, доцент Сулайманов Куватбек Алимовичтин

**П И К И Р И**

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Коомдук мамилелердин заманбап өнүгүшү жана иштеши менен ар кандай экономикалык жана социалдык институттардын сакталышын жана өнүгүшүн камсыз кылган коомдук пайдалуу объектилер жана процесстер туура эмес пайдаланылса, коом үчүн да, мамлекет үчүн да коркунуч туудурушу мүмкүн. Коомдук жана мамлекеттик коопсуздукту камсыз кылуу максатында ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүн укуктук жөнгө салууда мамлекет тарабынан корголуучу коомдук мамилелерге зыян келтириши мүмкүн. Ошондуктан объектилерди жана заттардын функцияларын жүзөгө ашыруу, контролдоо жана көзөмөлдөө зарылдыгы келип чыгууда. Лицензиялык-уруксат берүүчүлүк саясатты мамлекет тарабынан жүзөгө ашыруу жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн лицензиялоо жана уруксат берүү режимдерин орнотууга өбөлгө түзөт. Лицензиялык-уруксат берүүчү режимдер ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын максаттуу, аткаруучу жана административдик лицензиялоо, уруксат берүү иш-аракеттерин жүзөгө ашыруунун натыйжасында камсыздалат. Бул көйгөйлөрдү чечүүдө ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгү маанилүү орунду ээлейт.

Сунушталган диссертациялык изилдөө салыштырмалуу түрдө калыпка салынган. Автор коюлган милдеттерди ачып берүүгө аракетин жасаган, иштин түзүлүшүн туура пайдаланып, эмгек алты бөлүктөн турган үч бапты камтыйт.

2. **«Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарынын чегиндеги илимий натыйжалары.** Диссертант өзүнүн изилдөөсүндө койгон милдетин тийиштүү бөлүмдөрдө белгилүү бир деңгээлде ырааты менен изилдеген. Изилдөөнүн түзүмү автор койгон максатына жете билгендиги жөнүндө корутунду жасоого жол берет, ошондой эле тандалып алынган изилдөөнүн предмети жана объектисин

ВХОДЯЩИЙ № 95
«02» 06 2021 г.

ачып бергендигин тастыктайт. Изилдөөнүн жүрүшүндө изденүүчү коргоого 5 жобо чыгарды.

Изденүүчү чет өлкөлүк тажрыйбага ар тараптуу изилдөө жүргүзгөндүгү диссертациянын маңызын терең жана толук чагылдырылгандыгын күбөлөндүрөт. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Жогорку аттестациялык комиссиянын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү» жобосунун кандидаттык диссертацияга коюлган талаптарынын чегинде даярдалган.

3. **Диссертациялык иштеги ар бир натыйжанын (илимий жобонун), жыйынтыктардын, корутундулардын негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк деңгээли.** Диссертациялык изилдөөдө жүргүзүлгөн талдоо диссертант алган жыйынтыктар ишенимдүү деп тыянак чыгарууга болот. Бул тууралуу юридика илиминдеги булактарга, белгилүү окумуштуулардын эмгектерине шилтемелер берилген, тийиштүү жоболор менен бекемделген. Өзүнүн көз карашын туюндурууда автор иштеп жаткан ченемдик-укуктук базаны колдонгон. Изилдөөдө берилген айрым тыянактар теориялык мааниге ээ.

Материалдык баяндоонун логикалык ырааттуулугу диссертантка жыйынтыктардын жоболорун сунуштоого шарт түзөт. Аларды автор, өз кезегинде, бирдиктүүлүк менен толтурууга, аларга жыйынтык берүүгө аракет кылды. Бул жыйынтыктар изилдөөнүн максатына жетишүүнүн күбөлүгү катары кызмат кылат, себеби натыйжалуулугун ар кандай деңгээлде болгонуна карабай, коюлган милдеттерди чечет.

Автор берген жыйынтыктардын, корутундулардын негизделгендиги жана ишенимдүүлүгү диссертанттын төмөнкү аракеттери менен тастыкталышы мүмкүн:

-өзүнүн изилдөөсүнүн предметин жана методологиялык негизин ачуу үчүн укуктун теориясынын колдонуудагы концептуалдык жоболорун пайдаланууга аракет көрдү;

-лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүктү жөнгө салуучу укуктук базага талдоо жүргүздү;

-окуу процессине изилдөөнүн жыйынтыктарын жайылтты;

-алынган жыйынтыктарды илимий макалаларда жарыялады.

4. **Изденүүчүнүн диссертацияда түзүлгөн ар бир илимий жобосунун, жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңыча деңгээли.**

**1-натыйжа.** Салыштырмалуу жаңы, себеби ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүн аныктоо боюнча көйгөй укуктук аспектиде юридикалык илимдеги анализге кабылган

эмес.

**2-натыйжа**. Жаңы деп эсептелет, анткени Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн тарыхый-укуктук аспектилери биринчи жолу диссертациялык деңгээлде талданган.

**3-натыйжа**. Жаңы, анткени Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу боюнча изденүүчүнүн көз караштары камтылган.

**4-натыйжа**. Жаңы болуп саналат, себеби автор Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин уюштуруучулук, штаттык-структуралык тутумун кайра түзүү боюнча чараларды иштеп чыгууда жана кабыл алууда терең функционалдык анализи негизделди.

**5-натыйжа**. Жаңы, анткени автор тарабынан “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” мыйзам өндүрүшүндөгү боштуктар жана аларды чечүүнүн так укуктук жолдору аныкталган.

**6-натыйжа**. Салыштырмалуу жаңы, себеби биринчи жолу Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери боюнча ата мекендик мыйзам чыгаруучулуктун талдануусу диссертациялык деңгээлде жүргүзүлгөн.

**5. Диссертациядагы алынган натыйжалардын ички биримдигин баалоо.** Диссертациялык изилдөөнүн ички биримдиги, милдеттери логикалык жактан туура коюу жана иштин негизги максатын аныктоо менен камсыздалат. Коргоого берилген жыйынтыктардын жана жоболордун жаңылык деңгээли, биринчи кезекте, автор лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүктүн тарыхый-укуктук аспектилерин ар тараптуу ачып бергендиги менен аныкталат.

6. **Изденүүчүнүн алган натыйжаларынын тиешелүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталышы.** С.А.Минбаевдин диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн тарыхый-укуктук аспектилерин ачып берүүгө багыттылган.

Изилдөөнүн натыйжалары ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө илимий билимдерди кеңейтет, ошондой эле андан аркы илимий изилдөөлөр үчүн негиз болуп бере алат. Диссертациянын жоболору "Мамлекет жана укук теориясы", "Административдик укук", "Укук коргоо органдары" окуу

курстарын Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында окутуу процессинде пайдаланылышы мүмкүн.

7. **Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана жыйынтыктарынын жарыялануусун ырастоо.** Диссертациялык иштин негизги жоболору, натыйжалары жана жыйынтыктары изденүүчүнүн 9 илимий эмгектеринде чагылдырылган.

1. Минбаев С.А., Кулдышева Г.К. О разрешительной системе в обычном праве кыргызов. 2019. – Москва, № 2 (34) 2019. С.5-8.
2. Минбаев С.А. Сравнительный анализ правовой регламентации лицензионно-разрешительных систем. Евразийский Юридический журнал, 2019. – Москва, Вып. №9 (136) С.67-69.
3. Минбаев С.А. Актуальные вопросы исследования лицензионно-разрешительной деятельности в органах внутренних дел Кыргызской Республики. «Евразийское Научное Объединение» – Москва, 2020. - № 9 (67). С. 275-276.
4. Минбаев С.А. О понятии лицензионно-разрешительной деятельности. «Евразийское Научное Объединение» – Москва, 2020. - № 9 (67). С.277-279.
5. Минбаев С.А. Лицензионно-разрешительная деятельность в зарубежных странах. «Евразийское Научное Объединение» -Москва, 2020. – № 10 (68). С.367-368.
6. Минбаев С.А. Регулирование частно-ссыскной деятельности в зарубежных странах. «Евразийское Научное Объединение» - Москва, 2020. – № 10 (68). С. 369-371.
7. Минбаев С.А. Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүү иши жөнүндө маселеге карата. «ОшМУнун жарчысы». – Ош, 2020. 234-237-б.б
8. Минбаев С.А. Көзөмөлдөө - Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк бөлүмүнүн негизги маселеси катары. «ОшМУнун жарчысы». – Ош, 2020. 238-241-б.б.
9. Минбаев С.А. Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүү ишмердүүлүгүндөгү контролдук функциясы. Кыргыз Республикасындагы илимий изилдөөлөр. Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясы. -Бишкек №4, 2020. I бөлүм. 93-99-б.б.

8. **Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

С.А.Минбаевдин автореферaты диссертациянын мазмунуна толугу менен шайкеш келип, негизги жоболорду, корутундуларды жана натыйжаларды чагылдырат. Мында мазмуну дал келген кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмеси бар. Автореферат Кыргыз Республикасынын ЖАКтын талаптарына жооп берет.

9. **Диссертациянын мазмуну жана жазылышы боюнча кемчилдиктери.** С.А.Минбаевдин диссертациялык иши жалпысынан оң бааланат, айрым кемчиликтерин көрсөтө кетүү зарыл:

Биздин оюбузча, 5-жободо айтылган тезис кошумча аргумент талап кылат: "Ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүн өркүндөтүү максатында лицензиялык-уруксат берүүчүлүк тутумун өнүктүрүүнүн негизги багыттары аныкталды:

-Лицензиялык-уруксат берүүчүлүк иштер бөлүмүнө адистерди даярдоо".

Изденүүчү ушул маселе боюнча өзүнүн түшүндүрмөсүн берип кетсе.

Андан сырткары изилдөө ишинде изденүүчү ата мекендик авторлордун эмгектерин аз колдонгондугун байкадык.

Ушул боюнча да кошумча түшүндүрмө берсе.

Жалпысынан алганда, аталган эскертүүлөр иштин беделин түшүрбөйт, иш жалпысынан оң бааланат, ал эми жогоруда айтылган эскертүүлөр сунуштоочулук жана талаш-тартыштуу мүнөздө болот.

**10. Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына туура келиши.**

Минбаев Советбек Аблазовичтин «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын лицензиялык-уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери (тарыхый-укуктук аспектилери)» аттуу темадагы 12.00.01 - укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши өз алдынча жазылган жана толугу менен бүткөн изилдөө болуп, «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына толук жооп берет.

Диссертант Минбаев Советбек Аблазович 12.00.01 - укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

Расмий оппонент,
К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин
эл аралык укук жана медиация кафедрасынын башчысы,
юридика илимдеринин кандидаты: Сулайманов К. А.

ЗАВЕРЯЮ
подпись Сулайманов К.А. колун
ТАСТЫКТАЙМ
«11» 06 2021 -ж.\г.
КЕНСЕ / КАНЦЕЛЯРИЯ
Суркулова Г.Ш.

КЕҢСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ